| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУ<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП** |

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXVII-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

2024-жылдын 12-апрели № 229 Түп айылы

**Түп айыл аймагында абаттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдардын мезгилине турмуш-тиричилик калдыктары менен иштөөдө натыйжалуу инфраструктураны күтүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-жана 34-беренелерине ылайык Түп айыл аймагынын аймагында абаттоо, жолдорду күтүү, жашылдандыруу (бак-дарактарды отургузуу ж.б) чөйрөсүндөгү ченемдерди жана талаптарды белгилөө максатында Түп айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагын абаттоо эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине белгиленген тартипте жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын Түп айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын айылдык кеңештин туруктуу административдик комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Орозбекова А.О.**